
КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО
ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ
БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ




# ЭСКЕРТМЕ

## ШАЙЛОО КҮНҮ ДОБУШ БЕРҮҮ ҮЧҮН ЖАЙДА (ЖЕРДЕ) ДОБУШ БЕРҮҮНҮН САНИТАРДЫК-ЭПИДЕМИОЛОГИЯЛЫК КООПСУЗДУКТУН ЭРЕЖЕЛЕРИ



ЖК ШАЙЛОО ВЫБОРЫ
28.11.2021

USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Бишкек - 2021

***Жалпы маалымат***

2021-жылдын 28-ноябрында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту камсыздоо жана жарандардын ден соолугун COVID-19дан коргоо боюнча иш-чаралардын алгоритми.

**Маанилүү: Санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту камсыздоо жана жарандардын ден соолугун коргоо боюнча иш-аракеттердин алгоритми шайлоо процессинин бардык катышуучулары тарабынан кыйшаюсуз сакталышы керек!**

Бул алгоритм Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги тарабынан Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы менен бирдикте коронавирустук инфекциянын жайылышына байланыштуу тобокелдиктердин алдын алуу, ошондой эле санитардык-эпидемиологиялык коопсуздукту жана Кыргыз Республикасынын жарандарынын ден соолугун КР Жогорку Кеңешине депутаттарды шайлоону даярдоодо жана өткөрүүдө камсыз кылуу максатында иштелип чыккан.

Алгоритм бардык мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, шайлоо комиссиялары, талапкерлер, саясий партиялар жана алардын өкүлдөрү, жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, интернет-басылмалар, шайлоо процессине катышкан юридикалык жана жеке жактар үчүн аткарууга милдеттүү болгон бир катар талаптарды камтыйт.

Бул талаптардын аткарылышы үчүн жоопкерчилик Кыргыз Республикасындагы шайлоолорду жана референдумдарды даярдоо жана өткөрүү боюнча штабдардын, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, шайлоо комиссияларынын жетекчилерине жүктөлөт.

Дезинфекциялоочу каражаттарды, коргоочу беткаптарды, бир жолу колдонулуучу кол каптарды колдонуу, 1,5-2 м аралыкты сактоо, кол алышуудан жана байланышуудан алыс болуу биометрикалык жана жеке маалыматтарды пайдалануу менен шайлоочуларды идентификациялоодон башка учурларда, шайлоо процессинин бардык этаптарында катышуучулар үчүн милдеттүү шарт болуп саналат.

Талаптарды аткарбоо Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинде каралган жоопкерчиликти тартууга алып келет.

### *Округдук шайлоо комиссияларынын иштери*

1. Округдук шайлоо комиссиялары (мындан ары - ОШК) шайлоочулардан каталар, так эместиктер жөнүндө арыздарды кабыл алууда төмөнкүдөй санитардык-эпидемиологиялык чаралар сакталат:

• Жергиликтүү бийлик органдары күн сайын кылдат нымдуу тазалоону, ОШКнын имараттарын жана колдоно турган жумушчу эмеректерди дезинфекциялоо үчүн жуучу каражаттарды колдонуу менен камсыздайт.

• Ар бир шайлоочуну идентификациялоо процедурасына чейин жана андан кийин идентификациялык жабдууларды дезинфекциялоо жүргүзүлөт.

• Имараттын кире беришинде колду дезинфекциялоо үчүн дезинфекциялоочу каражат же башка каражаттар менен камсыз кылуу, ошондой эле жооптуу адам тарабынан келгендердин дене табын контактсыз түрдө өлчөө.

• ОШКнын мүчөлөрү жана ОШКга келгендер маскаларды, кол каптарды жана башка жеке коргонуу каражаттарын (мындан ары - ЖКК) милдеттүү түрдө колдонуусу.

• Адамдардын ортосундагы социалдык аралыкты сактоо - 1,5-2 метрден кем эмес.

• Шайлоочулардын шайлоо участогунун имаратында беткап кийүү режимин сактоосу.

• Эмеректерди жана техникалык жабдууларды бири-биринен 1,5-2 м. кем эмес аралыкта жайгаштыруу.

2. Борбордук шайлоо комиссиясы шайлоочуларга шайлоочулардын тизмелериндеги өздөрү жөнүндө маалыматтарды тактоого жана оңдоого байланышкан бардык маселелерди https://tizme.gov.kg/ “Тизме” шайлоочулардын мамлекеттик порталы аркылуу чечүүнү сунуштайт.

### *Шайлоо алдындагы үгүт*

9. Үгүт иш-чараларын теле, радио, аудио жана видео форматтарды колдонуу менен онлайн режиминде өткөрүү сунушталат. Бетме-бет жолугушууларды элдин көп болушуна жол бербөө боюнча талаптарды эске алуу менен ачык абада (ачык асман алдында) өткөрүү сунушталат.

10. Үгүт материалдарын (буклеттер, гезиттер, дисктер, желектер, төш белгилер ж.б.) таркатуу милдеттүү түрдө коргоочу бет каптарды жана бир жолу колдонулуучу кол каптарды кийүү менен жүргүзүлөт.

11. Шайлоочулар, талапкерлер, саясый партиялар менен имараттан тышкары же имараттын ичинде бетме-бет жолуккан учурда

жолугушууларды өткөрүү орду жана убактысы жөнүндө мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдүн аймактык органдарына алдын ала кабарлоого жана камсыз кылууга милдеттүү:

а) шайлоочулар менен жолугушуу үчүн жайларды алдын ала кылдаттык менен нымдуу тазалоону жана дезинфекциялоону жүргүзүү;

б) шайлоочулар менен жолугушуу үчүн жайга/аймакка кире беришке үгүттүн катышуучуларынын дене табын контактсыз көзөмөлдөө;

в) үгүт иш-чарасынын катышуучуларынын колдорун имараттын/аймактын кире беришинде антисептиктер менен тазалоо;

г) үгүт иш-чарасынын бардык мезгилинде болгон катышуучулардын бет каптарды, кол каптарды жана башка жеке коргонуу каражаттарын колдонуусу; д) үгүт иш-чарасынын катышуучуларынын ортосундагы аралыкты 1,5 – 2 метрден кем эмес сактоо;

е) абаны дезинфекциялоо үчүн рециркуляторду орнотуу, алар жок болгон учурда бөлмөнү 30 мүнөт сайын 15 мүнөттөн милдеттүү түрдө желдетип туруу. Эгерде эшикте абанын температурасы 18 градустан жогору болсо, суук тийбегидей кылып имараттарды туруктуу желдетүүнү камсыз кылуу.

***Имараттан тышкары добуш берүү***

12. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын атайын даярдалган адамдары шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнүн, байкоочулардын, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын өкүлдөрүн имараттардан тышкары добуш берүүгө кетер алдында дене табын өлчөөнү камсыздайт.

13. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары шайлоо комиссиялары үчүн транспорттун үстүңкү беттерин дезинфекциялоочу каражаттар менен алдын ала тазалоону камсыз кылат.

14. Добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүнү ишке ашырууга чыгышкан ОШКнын мүчөлөрүнө жеке коргонуу каражаттарын, бут кийимдерди, бир жолу колдонулуучу кол каптарды, санитардык каражаттарды берүү;

15. Шайлоочуларга, добуш берүүчү жайдан тышкары добуш берүүгө катышуучуларга бир жолу колдонулуучу кол каптар жана беткаптар акысыз берилет.

16. Байкоочуларды, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүн маскалар менен кол каптар менен камсыз кылуу жиберген жактар тарабынан камсыздалат.

17. Ар бир шайлоочуну идентификациялоого жана добуш берүүгө чейин жана андан кийин идентификациялык жабдууларды жана АЭУны дезинфекциялоо.

18. Добуш берүүчү жайдан тышкары жерде добуш берүү аяктагандан кийин ОШКнын мүчөлөрүнүн абалына жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жооптуу адамы тарабынан көзөмөл жасалат.

***Добуш берүү күнү***

19. Шайлоо участогунун кире беришинде “кирүү чыпкасын” уюштуруу.

20. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жооптуу адамы тарабынан кире бериште шайлоочулардын, референдумдун катышуучуларынын дене табын контактсыз түрдө өлчөө.

21. Жергиликтүү бийлик органдары тарабынан добуш берүүчү жайга кире бериште дезинфекциялоочу эритмеге чыланган килемче менен камсыз кылуу.

22. Добуш берүүчү жайдын кире беришинде шайлоочуларды колду тазалоочу же башка дезинфекциялоочу каражаттар менен камсыз кылуу.

23. Шайлоо участогунун кире беришине коронавирустук инфекциянын алдын алуу чаралары жөнүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан плакаттарды жайгаштыруу.

24. Добуш берүүчү жайдын кире беришинде добуш берүүгө катышуучулардын кыймылынын бекитилген схемасынын болушу.

25. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан шайлоо участогунун аймагында жана шайлоо участогуна кире бериште аралыктын белгилерин (чийиндерди) камсыз кылуу.

26. Ички иштер органдарынын кызматкерлеринин жардамы менен шайлоочуларга 1,5-2 метрден кем эмес социалдык аралыкты сактоо жана беткап кийүүнүн милдеттүү режими жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү.

27. Шайлоо участогуна кире бериште шайлоочуларга жеке коргонуу каражаттарын (бир жолу колдонулуучу бет кап жана кол кап) акысыз берүү.

## *Добуш берүүчү жай*

28. Добуш берүү процесси башталганга чейин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан кир жуугуч каражаттар менен добуш берүүчү жайды жана бардык колдонула турган эмеректерди кылдат нымдуу тазалоо жана дезинфекциялоо.

29. ОШКнын бардык мүчөлөрүн жеке коргонуу каражаттары менен камсыз кылуу.

30. Байкоочуларды, талапкерлердин, саясий партиялардын, жалпыга маалымдоо каражаттарынын жана интернет-басылмалардын өкүлдөрүнө жеке коргоо каражаттарын берүү жөнөтүүчү уюмдар тарабынан жүзөгө ашырылат.

31. Шайлоо участкасында санитардык каражаттардын болушу.

32. Эмеректерди, добуш берүүчү кабиналарды жана техникалык жабдууларды бири-биринен 1,5-2 м кем эмес аралыкта жайгаштыруу.

33. Шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү 1,5-2 метрден кем эмес аралыкта жайгаштырылат жана ар бир шайлоочу менен иштегенден кийин колдорун антисептикалык каражаттар менен тазалашат.

34. Добуш берүү үчүн кабиналар пардасыз колдонулат.

35. Шайлоо участогунун ичине же жанына коронавирустук инфекциянын алдын алуу боюнча сунуштар жазылган маалымат стенддерин жайгаштыруу.

36. Добуш берүүчү жайдын ичинде аралыктын белгилеринин (чийиндердин) болушу.

37. Шайлоочулар үчүн кирип чыгуусу үчүн белгилерди көрсөтүү (багыттамалар).

38. Байкоочулардын, талапкерлердин, саясий партиялардын өкүлдөрүнүн, жалпыга маалымдоо каражаттарынын, интернет-басылмалардын жайгашуусу социалдык аралыкты эске алуу менен шайлоо комиссиясынын төрагасы тарабынан аныкталат. Ошол эле учурда бул адамдарга добуш берүүнүн жүрүшүн, добуштарды эсептөө жол-жобосун даана көрүп туруу мүмкүнчүлүгү берилет.

39. Жасалма желдетүү системасы жок болгон учурда желдетүү ар бир 30 мүнөт сайын 15 мүнөттөн жүргүзүлүүгө тийиш. Сырттагы абаын температурасы 18 градустан жогору болгон учурда, адамдарга суук тийбегидей кылып бул жайларды дайыма желдетүүнү камсыз кылуу.

40. Добуш берүүчү жайдан чыга турган жерге колдонулган беткаптарды жана кол каптарды утилизациялоо үчүн контейнер орнотулат.

### *Добуш берүү процесси*

41. Добуш берүүчү жайда шайлоочу ОШКнын мүчөсүнө Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун көрсөтөт.

42. Бармак издери боюнча идентификациялоону өткөрүүдө шайлоочу кол каптарын чечет, колдорун антисептик менен тазалайт, идентификациядан өтөт жана идентификациядан өткөндөн кийин колдорун кайра тазалайт, кайрадан кол кап кийет.

43. Адамдын биометрикалык параметрлери боюнча идентификациядан өтүүдө шайлоочу бет капты убактылуу түшүрөт жана идентификациядан кийин кайра кийет.

44. Ар бир шайлоочуну идентификациялоо процедурасына чейин жана андан кийин идентификациялоочу жабдууларды спирттүү салфетка менен дезинфекциялоо.

45. Добуш берүүчү кабиналарды жана автоматтык эсептөөчү урналарды дезинфекциялоочу каражаттар менен 60 мүнөт сайын эки жолудан кем эмес тазалоо.

46. Оорунун белгилери бар шайлоочулар үчүн өзүнчө добуш берүү кабинасынын болушу.

47. Добуш берүүнүн жүрүшүндө добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протоколго кол коюуда шайлоо комиссиясынын ар бир мүчөсү өз калемин колдонууга милдеттүү.

48. Добуш берүүчү урналарды ачуунун алдында алардын беттери антисептик менен тазаланат.

### *Шайлоочуларга сунуштар*

49. Добуш берүүчү жайдын кире беришинде температураны текшергенден жана колду тазалагандан кийин шайлоо комиссиясы тарабынан берилген бет капты жана кол капты кийүү керек.

50. Идентификациялоо убактысын кошпогондо, шайлоо участкасында бет капты жана кол капты чечпеңиз.

51. Шайлоо участогунун сыртында да, ичинде да 1,5-2 метр аралыкты сактаңыз.

52. Өзүңүз менен кошо балдарды алып келбеңиз.

53. Оорунун белгилери бар же бейтаптар менен байланышта болгон же байкоодо турган жана активдүү шайлоо укугун ишке ашырууну каалаган шайлоочуларга: 2021-жылдын 27-ноябрына чейин мүмкүнчүлүк алуу жөнүндө арыз менен тиешелүү шайлоо комиссиясына шайлоо участогунан тышкары добуш берүү боюнча кайрылууга жана 2021-

жылдын 28-ноябрында үйүндө же дарыланган жеринде добуш берүүгө, эгерде шайлоочу 2021-жылдын 28-ноябрында добуш берүү күнү шайлоо участкасында активдүү шайлоо укугун ишке ашырууга ниеттенсе, шайлоо участкасына саат 18:00дөн кийин баруу сунушталат.